Акулалар



Автор: Элизабет Ким

Которгон жана адаптациялаган: Асылгүл Токторбаева

Акулалар

Автор: Элизабет Ким
Которгон жана адаптациялаган: Асылгүл Токторбаева

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution-NonCommercial-ShareAlike 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by-nc-sa/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by-nc-sa/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно албайсыз. Бул чыгарманы адаптациялап жана толуктоолорду киргизсеңиз болот, бирок өзүңүздүн вариантты ушул же ушул сыяктуу лицензия боюнча гана тарката аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Акулалар" (кыргыз тилинде) Асылгүл Токторбаева тарабынан которулуп адаптацияланган, Sharks (англисче) чыгармасынын негизинде, автору Elizabeth Kim, фотосүрөттөрдү Willy Volk ж.б.тарткан. Creative Common License, CC NC SA 3.0 Эл аралык лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: http://mustardseedbooks.org/wordpress/books/singlepage/Sharks.pdf

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Акулалар – океанда жашаган балыктардын эң чоңу.

Миллион жыл мурда жашаган акуланын тиши.

Акулалар динозаврларга чейин 200 миллион жыл мурда эле жашаган экен.

Акуланын түрлөрү көп. Сүрөттөрдөн балка баш акула, жолборс акула жана ак акула кайсы экендигин таба аласыңбы?

4

Алардын көлөмдөрү ар кандай болот. Кит сымал акула дүйнөдөгү эң чоң балык болуп саналат. Анын узундугу 14 метрге чейин жетет.

Кээ бир акулалар өтө кичинекей болушат. Илбирс жондуу акуланын узундугу 17 эле сантиметр.



Акуланын кээ бир түрлөрү энелеринен туулат. Кээ бирлери жумурткадан чыгат. Сүрөттөгү жумурткадан акуланын башын, куйругун жана кабыргаларын көрдүңбү?

Эне акула баласы туулгандан кийин карабайт. Алар өз алдынча калышат.

Акула – жырткыч балык. Ал балык, тюлень жана өзүнөн кичирээк акулаларды жейт.
Ак акула күнүнө 227 килограмм эт жейт.



Акуланын тиштери төрт катар болот. Түшкөн тиштеринин ордуна жаңылары өсүп чыгып турат. Анын курч тишинен кутулуу кыйын.



Акула жытты өтө жакшы сезет. Ал кандын жытын 1.5 чакырым аралыктан сезет. Көздөрү абдан жакшы көрөт. Үндөрдү да бир нече чакырым аралыктан уга алат.

Акулага башка акулалар жана адамдар аңчылык кылышат. Адамдар акуланын этинен тамак жасашат.

Акуланы аквариум, океанариумдан көрүүгө болот. Кээ бир адамдар үйдө да багышат.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Элизабет Ким
Которгон жана адаптациялаган:
Асылгүл Токторбаева

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- **2.2 деңгээли**

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли